
**Конкурска**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ИКАЯ



АТПАЙ Кыргыз журтчулугуна таанымал обончу жана аткаруучу Рыспай Абдыкадыров бу түпкүрү түгөнбөгөн Ааламга куйруктуу жылдыздай чакмак чагып бир келди да, мейкиндик менен убакыт өлчөмүндө жылт дей түшүп кайра жалп этип өчтү. Муну өзү сезди да сезбеди да. Жараткан өзү жар болуп, өмүр бою ашып ташкан дүнүйө-мүлккө, адамдардын жүрөгүнүн үшүн алып сестендирген убактысынча бийлик торун ыраа кылбаса да Теңирдин көзү түз экен Рыспайына өлчөөсүз оомат — музыка менен обонду, каргылданбаган булбул сымак гөмөкөй менен таңдайды берген экен. Ал жөнүндө оозубузга келгенди оттоп тескери ой-пикирибизди тараткыныбыз менен да менмин деген адамдардан артыгыраак бул жашоого из калтырды.

Менин паам-парасатымда аяк-башы отуз гана жылдай даң салды. Мына ушул жылдардын ичинде шапар тееп шатыра-шатман күндөрү, кыз күлкүсү, кайгы менен муң аралаш жашоосу кошул ташыл болуп кетти окшойт. Каран калгыр оомалуу-төкмөлүү дүйнөдө аны көрө албагандар анын пенделик менен чеки басып койгон издерин изилдеп куугунтукка алган күндөрүбүздагы эсиме кылт түшө калды. А, эми азыр келип ошолордун көпчүлүгү Рыспайга мезгилинде көмөк көрсөткөн, дайым анын чыгармачылыгы үчүн камкордук жасаган адам катары көрүнүшүп, чын-чынына келгенде, анын жолуна жолтоо болгон кесиптештери, курбу курдашымын дегендери арбын эле болчу.

Оомат келген экен, канчалык тоскоолго карабай ээ-жаа бербеген оргуштаган таланты менен бардык секиртмек — аттамактардан өтүп адам акылын арбаган, ташка тамга баскандай эки жүздөн ашуун обондорун жаратып гана тим болбостон аны өзүнүн бар тадаары бышык. Чындыгында Рыспай махаббат пайгамбарындай, сыйкырдуу пенде катары бир келди—кылчайгыз болуп бир кетти. Болгондо да, кыздар, силер үчүн жаралып, силер үчүн өмүр бою жашап өттү окшойт. Эркек таналар үчүн силер — кыздар, кызгана турган эч кандай жөнүңөр жок. Айткени ал бизге бар болгону Турдакун Салиевдин «Койчунун ырына» жазылган жалгыз гана обонун таштап кетти. Андан башкасы болсо карагыла.

Дос, теңтуш, курбу-курдаш анан калса замандаш катары мен Рыспай жөнүндө бирар эскерме жазууну кийинчерээкке калтырып келгемин. Бирок мезгил дегенин буйлалаган төө эмес тура. Күн өткөн сайын бу дүйнөдөн көрөр күнүң бүлбүл тартып, ичээр суун мелткалт болбой бир жагынан өмүр дегениң кертиле берет экен. Кечээ эле эсиңде турганың бүгүн толкун жууп кеткенсип из калбайт. Мына ушул толгон-токой сарсана ойдо калгандан көрө Рыспай шордуу жөнүндө көргөн-билгендеримди силерге айтып берүүнү тилек койдум.

Мезгил өтөт, айрым гана адамдардын тарыхта изи-иши калат. Рыспай мына ошондой орошон адамдардын катарына киргендиктен анын кулк-мүнөзү жашоо турмушуна сарасеп салып баамдагандарымды кийинки муундарга таасынырак, ачыгыраак болсун үчүн жазууга атайын эле кириштим. Жылдар тогошо берет. Ошон-

урүгунан. Абдыкадыр согушка алгачкылардан аттанып, апасы — эгиздин пайы Зуура отуз жети жашында төрт уул үч кызы менен жесир калган. Азыр ушулардан Бокен менен Күмүшү гана бар. Рыспай ушулардын кенжетайы. 59-жылы аталган райондун Токтогул атындагы мектебин бүтүргөн. Анын айтканына ынансак ошол учурда жайкы каникулга кетип аткан балдардын кийимин интернат чечиндирип калган.

Ошентип азыр силер жатка айтып озоңдоп жүргөн «Алмашты» ушу мектептен көргөн. Айтымга караганда ак-саргыл кыз Алмаш Рыспайдан эки класс кийин окуучу экен. Барпы айткандай:

дой болсо да Тоту аяшым жөнүндө билгендеримди айта кетейин.

### ТОТУ

ОРТО бойлуу, токтусуна жараша данектей жубан эле.. Рыспай өл десе өлүп, тирил десе тирилип каяша айтпай ошонун ыгы менен болгон ыймандуу,өтө тартынчаак,жоош-момун жан эле,— Айтканын аткарып талаш-тартышка барбай күнкечирчү, үнчукпай кабагым-кашым дебесем эле Рыспай мени менен болот деди окшойт.

Андай болгон жок. Маркум төшөк жаңыртуу жөнүндө сөз козгой баштады. Тоту ошондо эки кыздуу болуп калган эле. Ага карабастан Рыспай Кара-Суунун Каратай тарабынан Салима (аты эмес тамгасы өзгөртүлдү) аттуу кызга ашык болуп, бардык жумушун таштады. Анын бардык иш аракети мына ушул багытка бурулду.

Рыспайдын анча-мынча «жүүнү бош» кыздарды ашпаш дегиче «саждага» пешенесин тийгизе койчу сыйкыры бар эле. Салима да торго чалынды. Бирок маркумдун сүйүүсүнө толук татыбагандарга ал кулжуңдап кулагын жапыра калчу. Мында да ошондой болду.

Жакшы көргөн кыздарына жанаша турса да кат жаза коюу боюнча зор устат эле. Өзбек жазуучуларынын чыгармаларынан кыргызчага өтө эпчилдик

муштан оолак Өзгөн тарапта жашап жатыр. Дон Жуанга жетпесе да келечекке аялдыкка запас кармоо боюнча өзүнө жараша ыкма-тактикасы боло турган. Бири болбосо — бири деген көндүмгө айланган формадагы саясаты менен жашап өттү.

1966-жылдын июнь айында Шакафтардагы «дачасына» айтылуу өзгө тааныш Алмаштын расмий визит менен келип кеткендиги жөнүндө суусап-ансап сөз козгогон жайы бар. Алыстан атайын келип ден-соолугун сураганына, жаш кезинде жетпей, кыскасы теңине албай койгон, ошого карабастан арзууга татыган адамына арнап алгач ирет ырдын текстин да обону менен кошо жаратып, атын «Алмашым» деп атаган. Аны автор Шакафтарда 1966-жылдын 15-июнунда өз колу менен жазгандыгы күбөлөндүрүп турат.

АЙТАЙЫН дегеним башкада. 1997-жылда Рыспайга арналып өткөзүлгөн марафондо айтылуу Алмаштын Рыспайга карата өздүк сүйүүсү арадан кырк жыл өткөндө күчүнө кирип, райондук гезитте жарыяланган макаласында: мени атам жакшы көргөн жигитине эмес, колунда бар адамдын баласына зордоп жиберген деп долулангандыгында чын-чынына келгенде Алмаш турмушка Рыспайдан алдаканча кийин чыгып олтурбайбы.

Канткен менен элүүдөн эчак ашып калган, үй-бүлөлүү аялдын кайдагы бир жалган-жашык фактыларды эпчилдик менен токуп, өзүнүн өмүрлүк курбусунун, бала-бакырасынын абийирине, ички туюмуна шек келтиргени өтө эле өөн учурады. Ага кошул-ташыл күйөөсү трибунага чыгып алып: «Менин атам бай эле, Рыспайды тоготпой мени менен качып кеткен. Эми, Давлет, сен Алмаш эжеге синди болуп

(Башталышы өткөн санда)

Рыспайдын айтканы боюнча (1968-ж. октябрь айында) аны менен баш кошкондон кийин эки ай өтүп-өтпөй, жаагыңар ачылып, ортоңордо эч кандай тосмо калбай, жаңжал күн өткөн сайын тутанып, үй-бүлөлүк ынтымагыңар ыдырап берген. Алтынчач менен Гүлзатка анча-мынча болсо да ыдык көрсөтүп Рыспайды тоготпой калганыңыздан улам, ошондо башка кемпирлердей бечара кемпир ортого (күйпөлөктөп гүшсө) түшкөндүр.

Кийинки жылы күз мезгилинде (1968) Рыспай Гүлзатын ээрчитип, аккордеонун көтөрүп, көчөдө жүргөнүнүн күбө сүбүз. Ошо суук күндөрү: «Мен Ошко кетпесем бул жерде оор болуп калды», — деп айтканы эсибизде.

Ооба Рыспайды актап, мончого тазартам деп жууштун деле кажети жок. Айрыкча оозу кычкылданып калганда аны дөгү эпопеяңызды ар кимден көрүп, Рыспай менен көз кысышып койгондорду да күндөш катары санап, алардын таттуу турмушуна бүлүк салганыңыз деги эле эстүү баштуу аялдын кылар иши эмес.

Шариаттын жол-жобосун билгиңиз келсе, ошол кезде Рыспай Тоту менен ажырашпай туруп, Сизге баш кошуп экөөңү күндөш (күнүлөш) кылып койгон. А Сиз 1969-жылдын 17-декабрынан баштап (закондуу ажырашкан) Рыспай менен бегана, башкалар менен Кыргыз республикасынын гражданы катары мамиледе болушуңуз абзел. Ага ишенгиңиз келбесе 101 суроо жооп китебинин «Нике жана талак» жөнүндөгү бапынын 70-беренесинде:

«Күйөөсү талак сөзүн айтпаса да ЗАГСдагы ажырашуу жөнүндөгү документке кол коюу менен талакка өкүм кылынат», деп айтылган. Анын үстүнө Сиз ошол имза чеккен эң опурталдуусу жана өмүрүнө жарака кетиргени 1987-жылдын декабрь айында белгиленген Камбаралы Бобуловдун 50 жылдыгына байланышкан той салтанатына баруу, Фрунзеде бир жумачу жүрүп калуусу. Ушу иш боюнча атайын деле топтоштурулуп, жыйынтыгын Рыспайдын пайдасына чечүү үчүн 5 ай убакыт талап кылынган. Акырында анын айлыгы толук төлөттүрүлүп берилген. Кутум уюштуруп, адам тагдырынан патыр жасайм дегендер ушул тапта өтө эле боорукер болуп чыга келишти.

Качан Б. Бешимов ректор болуп келгенден баштап обончунун ити азыраак чөп жеп калгандыгын баамдайбыз. Бул өлөрүнөн бир жыл алдын болгон. Доценттикке шайлашып, арадан 20 күн өткөндөн кийин ал каза болуп ошонун маанасын да албай калды. Ал турсун Республиканын элге

## Конкурска

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ИКАЯ

менен ыкка көнүп сүйлөшүп отуруунун өзү тозокко тете. Бир туруп каткырып, бир туруп бороон чапкынды алып келип, бурганактатып, тим болбой көз жашын кадимкидей көлдөтүп, түйүнүңдү түйдүртпөй койчу. Рыспайга кайсы, кандай отурушта экендигинин анчейин мааниси жок эле. Чектен тыш мас болгондо элдей уктап калбай, таң аткыча болсо да тоз-тополоң чыгарып ушуңу алып, шалдайтып койчу.

Мына ушул өңүттөн алганда «чыгармачыл адамдарга ден кийин Рыспай Ошко институтка келип соттун чечими боюнча стипендиясынын 50 пайызын (16 рубль) алимент үчүн алып тургансыз. Ошо Сиз ажырашып азыр бооруңуз ачымыш болгон Рыспай мырза Сизге үч бөлмөлүү квартираны талашып-тартыш пай таштап чыгып кеткен!

Анан калса Рыспайдын «жалпы тизмесине» катталып калган отузга чыккан немени кара далы дебей терген, жаш кыз деп ошону Давлет күндөш кыла койсо Рыспай тирүү калмак деген ойду айтуу менен билим берүү министрлиги тарабынан апрель айында берилген «Отличник» көкүрөк белгисии ал өлгөндөн кийин күм бөзүндө каилыгы Давлетке тапшырылган.

Ошентип Рыспай үчүн каар-зар заманды анын айланасында жүргөн өзүбүз эле түзгөнбүз. Эгерде биз алдыңкы сапта чыга калган, улуттун даңкын көтөрө билген Рыспай өңдөнгөн ондогон адамдарыбызга өкмөт тарабынан азыраак эле камкордук жасап койгонубузда маданиятыбыздын өркүнү мындан да

да «чыгармачыл адамдарга мүнөздүү» деп эле коюш туура эмес. Соолукканда ыйлап-ыйлап улутунган балача бир бурчта үңкүйүп чыгармачылыгы менен алек болгондой туюлчу. Менин жеке баамымда ал адам акылын азгырган, кусалыкка жык толгон муңдуу ооондорун, сеп этип алгандан кийин зор эргүү менен меникин белестин сабалаган эркин кушуна окшоп жараткандай. Шордуу киши өзү айткандай илхамы келип калганда эки-үч күн такай отуруп чыгарма жаратып, уулдуу болгондо ошондон рахат алып, канааттанып, барбалактап кала турган. Ошондой учурда мен эле эмес, ар бир кыргыз жууп берип, эргитип койбосоң болот беле!

Дегинкиси аялы менен канчалык жаакташса да оозунан балит сөз чыкпаган, же алардын көзү көгөрүп көчөдө жүргөнүн көргөн эмеспиз. Ошону негиздеп аялзаты — XX-кылымдын белесине чыгып, базар экономикасына өткөн чакта, эркектер кучак тап, маңдайыңардан чоп эткизип өөп койсо эле «мени сүйчү, мени алчу, мен өмүрлүгүмүн...», деп долулана бересиңерби. Көр пенде Рыспай силерден өлүп да кутулбай үч катын алгандыгы, анча мынча көчөгө тетири басып койгондугу үчүн силердин шылдыңыңарга калып күнөөгө бата береби. Ага өптүрбөгөн чыгармачылык шыгына кошпой көңүл отун жандыра албаган селки да селкиби, ошо дагы көңүлдөшбү, мунун чуу көтөрө турган неси бар деп ички туюмумда бушайман боло берем.

Мына ошондой таланттуу, бирок «бейбечара партиясынын» мүчөсү сымал, апенди чалыш адам менен Сиз, Оңолкан аяш, бар болгону эки жарым жыл гана турмуш отун тутандырдыңыз. Тагдыр менен азилдешип болбойт экен. Мына Сиз эми арадан отуз жыл өткөндөн кийин, жашыңыз элүүдөн ашканда өзүңүздүн ажырашуу жөнүнмак деген ойду айтуу менен медсестра катары оңой олтоң эле кепилдикке өтө койгонуңузга таң калабыз. Давлетти Рыспайга чейин эле «өз колуңуз менен» турмушка чыгара коюп өзүңүзгө ыңгайлашкан күнүлүк саясатыңызды жүргүзүү үчүн үй-бүлөөлүк каттоо жасай койосуз. Ошентип жөндөн-жөн эле адамдык ыйманыңызга доо кетиргениңиз туура болбосо керек.

Андан көрөкчө эстүү-баштуу аял катары жакшыбы, жаманбы жашап бир перзент күтүп, анан калса ошол перзенттен Рыспайдын каны аралашкан уулду бөпөлөп өстүрүп жаткан катары салт-санааны урматтап, нускалуу чындык сөздү айтсаңыз сизге жарашат эле, го!

Рыспайдын дагы бир айтып бергени бар. Ушул окуя олуттуу кесепеттерге алып келген. Жыл сайын дарыланып жүргөн 1988-жылда дагы ошол Шакафтарда болгон. Мурдагы кылыгы эсине түшүп, көндүм болгон кесиптик ишин дагы баштап жибериптир. Коңшу палатада жаткан Зубайда (бир аз өзгөртүлдү) аттуу келинге келиштире кат жазат. Жаш селки шумпай досумун ушул салам дубайына толук ишенип калат. Катты чемоданынын тереңине төрт бүктөп салган бойдон арадан бир жарым ай өткөндөн кийин Чаткалга жөнөп кетет. Шайтан кат күндөрдүн биринде анын күйөөсүнүн колуна түшөт.

Ошондон бир жаш үй-бүлөдө «өрт» чыгат да, аягы сот аркылуу ажырашуу менен бүтөт. Эгерде жазса, арызданса ушу келиндин адамдык да моралдык да укугу бар болчу. Эстүү-баштуу жан экен, эч кимге, эч жака арыздаган жок. Бардык болгон иштерди мээсинде сактап андан ары жок кылды.

Рыспайдын Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда иштеген 20 жыл мезгилиндеги ага карата топтолгон материалдар 79 эле барак. Анын ичинде тыбыздын өркөнү мындан да өсө түшүп, өкүрүбүз байыбайт беле. Мен бул жерде эми калп эле арман кылып, убагында өлгүдөй тебелептепсеп ай талаага таштап койгонубузду айтып атам. Улутка тиешелүү биздин ушундай өктөмсүнгөн саясатыбыздан маданиятка эмгеги сиңген канча ишмерлерибиз топурак жас танып, көрүстөнүн чым басып калды. Аларды мен санактан өткөрбөй эле коёюн.

Р. Абдыкадыров да мен жогоруда сөз козгоп жаткан тагдырдын жазымышынан оолак боло албай 10 жылдап жылы баган таш үйдө жашап, бешесине жазылган шордуу турмушту башынан кечирди. Анын өмүрүн 25 жылга кол баладай бөпөлөп жалгыз гана өмүр шериги Давлет Исманова болгон. Рыспайдын азап-тозогуна чыдаган ушул жубанга ана-мынасы жок эле кеч болсо да Манас орденин берип койсо болот.

Муну менен башка кайлыктарынын баркына, аялдык аруу сезимдерине чакмак чагуу үчүн эмес, биринен бири өйдө-төмөн деп таразалоо үчүн айтып жатканым жок.

**ДАВЛЕТ**

Оңолкандын «Жуучу» гезитине берген интервьюсунда Жамшит аттуу жигиттин ысымы айтылып жүрөт. Ошол жигит Рыспай менен Давлеттин таанышуусуна көпүрө болуп берген гана жайы бар. Ошондон Давлеттин сүрөтүн көрүп кумарлануусу арта түшөт. Эски ыкмасы боюнча ага да тымызын кат жолдоп тургандыгы маалым. Оңолхандан супсуну суугандан кийин азыркы Ноокен районунун Сакалды айылында педагогикалык окуу жайынын студенттери пахтада жүргөндө артынан акмалап барган Рыспай. Бул 1967-жылдын күзү эле. Рыспай менен кошо Кубаныч Осмонов менен Бабаравшан Тургунбаев да болгон.

**А. КАПАРОВ**

**(Уландысы бар).**

**•Конкурска**

# РЫСПАЙ ЖӨНҮНДӨ ИКАЯ

(Башталышы өткөн санда)

Ошо күндөн баштап Давлетке тынчтык бербей, штурмалай берип аягы 1970-жылдын 12-январы, Рыспайдын туулган күнүндө экөө баш кошуп 25 жыл өмүр өтүп түтандырышты. Ошентип обончубуз турмушту дагы нөлдөн баштады. Буга чейин эки ирет төшөк жаңырткан Рыспайдын кылык-жоругу, жону катуу жокчулук кошул-ташыл болуп, Давлетти окуусун таштоого аргасыз кылып, Рыспайды окутуп отуруп калды.

Талантты баалаган адамдар арабызда жок десек кусур уруп кетпейби. Жыл аралыгында эки бөлмөлүү квартирага эгедер болду. «...Мен Рыспайды он жылча түшүнгөнүм жок. Ошого карабастан өзүнө ылайыктуу түгөй издегенин койбоду. Менден да түзүгүрөөк, түстүүрөөк ыймандуу колукту издөөгө мен өзүм да көмөктөштүм. Рыспайдын ден соолугуна камкордук көрүп чыгармачылык ишине шык кошкон аял заты табылса, мен чыгып кетсемби деген ой-санаа башыман кетпей койду. Ошол 1977-жылда үй-бүлөдө казан-аяк көбүрөөк кагышты. Өзүнчө эле тултуңдап, ажырашууга дити барбаса да шылтоого шынаа издемиш болуп



көбүрөөк ичe баштады. Айрым адамдар, коңшу-колоңдор даана билип калганда кызымы жетелеп төркүнүмө кетип калдым. Бир жарым айдан кийин келсем...»

## РЫСПАЙ ТӨРТҮНЧҮ ЖОЛУ ҮЙЛӨНГӨН

Рыспай дейди басышын токтоткон жок. Төртүнчү жолу үйлөнгөнү ачыкка чыгып калган. Муну мен Оңолкандын Рыспай төртүнчү аялга үйлөнгөндө өлбөй калат эле деп өкүнүмүш болуп улутунгандан улам айтып атам. Чын-чынына келгенде обончунун ден соолугу башынан эле өлчөпүү болчу. Кулгунага айланган без оорусу бүткүл денесине таркап эки бөйрөгүн тең жабырлантkan. Мына ошондон улам ал дайыма кош бөйрөгүн тажынып турчу. Кийин деле менин көзүмчө Рыспайдын өлүмү анын бөйрөгүнөн деп жыйынтык чыгарышкан.

Давлет талanttуу инсанды балдар бакчасынын ымыркайындай эле караган. Качан көрсөң Рыспай үчүн деп аладөң, жарма, кымыз, айраны муздаткычта толтура турчу. Анын ичтейи байланып калганда беркиден да өксүнткөн эмес. Тез-тез ооруп кала турган. Ошол учурда да Рыспайды тез сакайтып алуусун, музыка дүйнөсүнө эртерээк кошууну максат кыла турган. Обончунун чыгармачылыгын саяпкер менен мүнүшкөрдөй таптоодо менмин деген аялзатынын катарына Давлетти ана-мынасыз кошсо болот.

Рыспайдын мүнөзүнө чейрек кылым туруштук берип жүрүш-турушу жана оорусунун айынан 1980-жылга жетпей эле сөөгү сөпөт боло турган ырчыны аялдык зор камкордук жана боорукердик менен 90-жылдын ортосуна эсен-аман жеткизди. Обончу өзүнө жарашыктуу кийим-кечени тандай алчу эмес. Кээ бир эркектердей эпчилдик менен дүйнө таоуу мындай турсун өзүнүн акын башкалардан өндүрө албай жүргөнүн көп эле жолу көргөнбүз. Оокат жасоодон оолак, мен деген адамына эң кымбат деген буюмун бере салчу.

Эми Рыспайдын төртүнчү ирет үйлөнүшү жөнүндөгү икаяны улантайын. Ал Рыспайдын өзү окуткан студенткасы, Алайлык Атимбү (тамга өзгөртүлдү) аттуу кыз болчу. Муну менен 3 айча жашады. Алгач Өзгөндүн Мырза-Акесиндеги бир тууган Кочкорбай деген акесинин үйүнө алып барган. Адаттагыдай анын кызыгы таркап, жашоодо шаштысы кетип, аябай жүдөп Үч-Коргондун кайкысын көргөндөн кийин Давлеттен өтөрү жок экен деген бүтүмгө биротоло келди. Кыз дагы бош келишпеди. Рыспайдан тажап, анын катын бага албай тургандыгына көзү жеткенден кийин кол шилтеп кетип калды.

Ушул учурда Давлет Рыспайдын жарашуу жөнүндөгү сунушуна макул болбой кошөрүп көнбөй койду. Бирок, катын албай кайын ал деген улуу сөз бар. Кайын журтунан аттуу баштуу адамдарды ортого салдык. Ошентип кайрадан бүлбүл тарткан турмуш оту быкшыбай тутанып кетти. Андан кийин мен Рыспайдын оозунан бешинчи ирет үйлөнөм деген сөзүн эшитпедим. Кайра ал: «Аялың менен ажырашып жарашсаң кыз алгандай эле болот экенсиң» дос деп кыйшайып күлүп калчу.

**Абдылда КАПАРОВ.**